**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
АНЫКТАМАСЫ**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
депутаты Акылбек Тогузбаевич Түмөнбаевдин
кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2022-жылдын 16-декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Р. Бобукеева, Ж.А. Шаршеналиев, Л.П. Жумабаев, сот отурумунун катчысы Маамыталы кызы Камиланын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты А.Т. Түмөнбаевдин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 23-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты А.Т. Түмөнбаевдин «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутунду берүү жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Кайрылууда баяндалгандай, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин расмий сайтында коомдук талкулоо үчүн жайгаштырылган.

Ушуга байланыштуу, А.Т. Түмөнбаев жогоруда аталган Мыйзамдын долбооруна Конституциялык сот тарабынан корутунду берүүнү сурануудa.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык сотко кайрылуу укугу жеке же юридикалык жактарга, Президентке, Жогорку Кеңешке, Жогорку Кеңештин фракцияларына, депутаттык топторго, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна, Кыргыз Республикасынын Омбудсменине (Акыйкатчысына), Кыргыз Республикасынын судьясына (судьяларына) таандык.

Анын ичинен, жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык, Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө мыйзамдын долбооруна корутунду берүү тууралуу кайрылуу укугуна Президент, Жогорку Кеңеш, Жогорку Кеңештин фракциялары, депутаттык топтор, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) ээ.

Ал эми, арыздануучу А.Т. Түмөнбаев Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты катары кайрылууда, демек ал Конституциялык сотко кайрылуу укугуна ээ болгон субъект катары таанылышы мүмкүн эмес.

Андан тышкары, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Президент, Жогорку Кеңеш, Жогорку Кеңештин фракциялары, депутаттык топтор, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) Конституциялык сотко

кайрылууларды сунуштама, башка адамдар - өтүнүч, ал эми судья (судьялар) суроо-талап түрүндө берише турганын белгилей кетүү керек.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе жана кайрылуу тиешелүү эмес органдан же жактан (субъекттен) келип түшсө коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Акылбек Тогузбаевич Түмөнбаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: М.Р. Бобукеева

Ж.А. Шаршеналиев

Л.П. Жумабаев

№_______